office@kompanion.kg
www.kompanion.kg

# «КОМПАНЬОНДОН ЭКИ МИЛЛИОН» АКЦИЯСЫНЫН ШАРТТАРЫ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. «Компаньондон эки миллион» Акциясынын (мындан ары «Акция») уюштуруучусу «Компаньон Банкы» ЖАК (мындан ары «Банк») болуп саналат.

1.2. Акциянын мөөнөтү: 2023-жылдын 1-декабрынан 2024-жылдын 29-февралына чейин (кошо алганда).
Банк Акцияны өткөрүү мөөнөтүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү (токтотуу же узартуу) укугун өзүнө калтырат. Мөөнөттөр өзгөргөн учурда Банк кардарларга бул тууралуу Банктын расмий сайты аркылуу маалымдоого милдеттүү.

1.3. Акция кызыктыруучу лотерея болуп саналбайт. Акциянын жеңүүчүлөрүн аныктоодо кокустуктар принциби (жеңүүчүнү ыктыярдуу тандоону жүзөгө ашыруучу алгоритмди колдонуу) алынып салынган.

1.4. Акцияга бардык жеке жактар — Кыргыз Республикасынын 16 жашка толгон жарандары жана резидент эместер катыша алышат.

- Акция башталган күнгө карата Банкта иштеген промоутерлерди, стажерлорду, декреттегилерди кошо алгандагы Банктын кызматкерлери, ошондой эле алардын биринчи катардагы тууганадары (жубайлары, балдары, ата-энелери, бир туугандары) Акцияга катыша алат, бир жолку сый акы ала алат, бирок Акциянын ай сайын же финалдык жыйынтыктарында жеңишке талапкер боло албайт.
- Банктын агенттери Акцияга жеке жактар үчүн Компаньон мобилдик тиркемесинен катыша алат.
- Банктын кызмат адамдары, анын ичинде башкы адамдар жана Банктын Директорлор Кеңешинин бөлүмдөрүнүн кызматкерлери Акцияга катыша алышпайт. Алардын биринчи катардагы туугандары Акцияга катышып, бир жолку сыйлык ала алат, бирок Акциянын ай сайын же финалдык жыйынтыгында жеңишке ээ боло албайт.

1.5. Утуш түрүндөгү кирешени төлөө менен байланышкан салыктарды эсептөө жана төлөө милдетин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык наркы 50 эсептик көрсөткүчтөн ашпаган утуштан түшкөн кирешени кошпогондо, уюштуруучу тартат.

1.6. Акциянын комиссиясынын курамына банк Башкармасынын Мүчөлөрү кирет.

## 2. ЖАЛПЫ ТЕРМИНОЛОГИЯ

2.1. **Реферер** – Компаньон мобилдик тиркемесин (мындан ары «Компаньон МТ») жүктөп алган жана ийгиликтүү идентификациялоодон өткөн жана Компаньон МТсынын башка колдонуучуларын рефералдык шилтеме аркылуу тарткан жеке жак.

2.2. **Реферал** – реферердин рефералдын шилтемеси боюнча Компаньон МТны жүктөп алган жана ийгиликтүү идентификациялоодон өткөн жеке жак.

2.3. **Рефералдык шилтеме** – КомпаньонМТнын ар бир колдонуучусуна бекитилген уникалдуу идентификаторду камтыган Компаньон МТны жүктөө үчүн шилтеме.

2.4. **Компаньон МТнын жаңы колдонуучусу** – Компаньон МТны Акция башталган күндөн кийин биринчи жолу жүктөп алган жана Акцияны өткөрүү мезгилинде аралыктан же банктын кеңселеринде ийгиликтүү идентификациялоодон өткөн колдонуучу.

## 3. АКЦИЯНЫН ШАРТТАРЫ

3.1.1. Акцияга катышуу үчүн катышуучу Акция башталган күнгө чейин же аны өткөрүү мезгилинде онлайн же банктын кеңселеринде идентификациядан өткөн Компаньон МТнын колдонуучусу болууга тийиш. Катышуучу эки номинацияда катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

**3.1.2. 1-Номинация – тартылган колдонуучулардын/рефералдардын эң көп саны.**

3.1.3. Бул номинацияда катышуучу Компаньон МТнын бардык колдонуучуларына жеткиликтүү болгон уникалдуу рефералдык шилтеме боюнча Компаньон МТга жаңы колдонуучуларды тартуусу зарыл.

3.1.4. Компаньон МТнын ар бир колдонуучусу үчүн уникалдуу рефералдык шилтеме түзүлгөн. Компаньон МТнын жаңы колдонуучуларын тартуу үчүн реферал шилтемесин Компаньон МТнын потенциалдуу колдонуучуларына жөнөтүүсү зарыл. №1 Тиркемесиндеги №1 Нускамасын караңыз.

3.1.5. Рефералдык шилтемени мессенджерлер (WhatsApp, Telegram ж.б.), социалдык тармактар (Instargam, Facebook ж.б.) жана коммуникациянын жеткиликтүү болгон башка каналдары аркылуу жөнөтүүгө болот.

**3.2. 2-Номинация – Компаньон МТде эң чоң активдүүлүк.**

3.2.1. Бул номинацияда катышуучу өзү Компаньон МТ өнүмдөрүн жана сервистерин активдүү пайдалануусу зарыл. Активдүүлүк отчеттук мезгил ичиндеги бардык транзакциялардын саны боюнча жана 3.3.2 пунктунда көрсөтүлгөн талаптарды эске алуу менен аныкталат.

3.2.2. Операцияларды эсепке алуу боюнча талаптар:
а) Отчеттук мезгил ичинде которууларды ошол эле алуучуга (кардарга) жөнөтүү/толуктоо же которууларды ошол эле жөнөтүүчүдөн (кардардан) алуу/которуу боюнча 10дон ашык операция эсепке алынбайт;
б) Суммасы 100 сомдон төмөн болгон бардык операциялар эсепке алынбайт;
в) Мобилдик операторлордун балансын толуктоо эсепке алынбайт;
г) Бир кардардын өзүнүн эсептери/карталары ортосунда которуулары эсепке алынбайт;
д) Алмашуу операциялары 10 000 сомдон жогору эсепке алынат;
е) Өз депозиттеринин бир ай (отчеттук мезгил) ичинде жүргүзүлгөн бардык толуктоолору отчеттук мезгил ичинде бир операция катары эсептелинет.

## 4. РЕФЕРЕРЛЕРДИ ЖАНА РЕФЕРАЛДАРДЫ СЫЙЛОО

4.1. Акциянын катышуучулары, рефererлер жана рефералдар 4.2 Рефererлерди сыйлоо жана 4.3. Рефералдарды сыйлоо бөлүмдөрүндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык сыйлык алат.

**4.2. <u>Рефererлерди сыйлоо:</u>**

4.2.1. Рефerer Акцияны өткөрүү мезгилинде Компаньон МТны жүктөп алгандыгы жана идентификациядан өткөнү үчүн ошол замат 50 сом өлчөмүндө сый акы алат. Эгерде рефerer Акция башталганга чейин идентификациядан өткөн болсо, рефerer сый акы албайт. Рефerer Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде бир жолудан ашык эмес идентификация үчүн сыйлык ала алат.

4.2.2. Андан ары рефerer Компаньон МТ анын рефералдык шилтемеси боюнча тартылган ар бир жаңы колдонуучу/реферал үчүн 50 сом өлчөмүндө сый акы алат. Сый акы Акция өтүп жаткан мезгилде реферал тарабынан идентификациядан аралыктан же Банктын кеңселеринен өткөн шартта реферерге чегерилет. Эгерде реферал Акцияны өткөрүү мезгилинде идентификациялоодон өтпөсө же Акция башталганга чейин идентификациялоодон өтсө, реферерге сый акы берилбейт. Реферал идентификациядан өткөндөн кийин реферерге сый акы Компаньон МТнын балансына

рефералдык шилтеме жөнөтүлгөн номерге автоматтык түрдө жана ошол замат чегерилет.

4.2.3. Сый акыны чегерүү үчүрүнда реферер Компаньон МТнын колдонуучусу болушу керек.

4.2.4. Реферер Компаньон МТнын номерин алмаштырган учурда, ал тартып келген бардык колдонуучулары жана сый акылары сакталат жана Банкка суроо-талап боюнча жаңы номерге которулат.

**4.3. <u>Рефералдарды сыйлоо:</u>**

4.3.1. Реферал Акцияны өткөрүү мезгилинде реферердин шилтемеси боюнча МТны жүктөп алгандыгы жана идентификациядан өткөндүгү үчүн 50 сом өлчөмүндө заматта сый акы алат. Эгерде реферал Акцияны өткөрүү мезгилинде идентификациялоодон өтпөсө же акция башталганга чейин мурда идентификациялоодон өткөн болсо, реферал сый акы албайт. Реферал Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде бир жолудан ашык эмес идентификациялоо үчүн сый акы ала алат. Идентификациядан өткөндөн кийин рефererге сый акы Компаньон МТнын балансына, реферал идентификациялоодон өткөн номерге автоматтык түрдө жана заматта чегерилет.

4.3.2. Сый акыны чегерүү үчүрүнда реферал Компаньон МТнын колдонуучусу болууга тийиш.

4.3.3. Эгерде реферал өз кезегинде Компаньон МТга жаңы колдонуучуларды тартса, ал реферер болуп калат жана 4.2 Рефererлерди сыйлоо бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык Акциянын ар бир жаңы катышуучусу үчүн сый акы алат.

## 5. АЙДЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ

5.1. Акцияны өткөрүү мезгилинде Банк 1-Номинациядагы ай сайын жеңүүчүлөрдү 5.3 бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга жана 2-Номинацияда 5.4. бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык сыйлайт.

5.2. Акциянын бир катышуучусу Акциянын ай сайынкы жыйынтыгы боюнча эки номинация боюнча тең жеңүүчү боло алат. Банктын кызматкерлери жана аффилиациялanган, Банк менен байланышкан делген реестрде турган адамдар Акциянын ай сайын жүргүзүлүүчү жыйынтыгында утушка ээ боло албайт.

**5.3. <u>1-Номинациянын ай сайын жеңүүчүлөрү:</u>**

5.3.1. 1-Номинацияда ай сайын рефералдык шилтеме аркылуу Акцияны өткөрүү мезгилиндеги отчеттук ай ичинде **МТга эң көп колдонуучуларды тарткан** 10 (он) жеңүүчү аныкталат. Мында жеңүүчүлөр тартылган колдонуучулардын саны боюнча минималдуу критерийлерге жооп бериши керек.

5.3.2. Байге/акчалай сыйлыктын өлчөмү жана жеңүүчүлөр үчүн минималдуу критерийлер:

| **Орун** | **Байгенин суммасы,** сом | **Минималдуу критерийлер** (1 айда тартылган колдонуучулардын саны) |
|---|---|---|
| **1-орун** | **50 000** | 300 |
| **2-орун** | **45 000** | 270 |
| **3-орун** | **40 000** | 240 |
| **4-орун** | **35 000** | 210 |
| **5-орун** | **30 000** | 180 |
| **6-орун** | **25 000** | 150 |
| **7-орун** | **20 000** | 120 |
| **8-орун** | **15 000** | 90 |
| **9-орун** | **10 000** | 60 |
| **10-орун** | **5 000** | 40 |

*Жеңүүчүнүн орду катышуучулардын жалпы рейтингиндеги орунуна жана ТОП 10 жеңүүчү үчүн минималдуу критерийлердин аткарылышына ылайык аныкталат.*

5.3.3. Эгерде бир байгелүү орунга бирдей сандагы колдонуучуларды тарткан Акциянын бирден ашык катышуучусу талапкер болсо, анда отчеттук мезгил ичинде Компаньон

МТге максималдуу транзакцияларды жасаган катышуучу бул байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде бул катышуучуларда транзакцияларынын саны бирдей болсо, анда Акциянын отчеттук мезгилинде Компаньон МТге сом эквивалентинде транзакциялардын максималдуу көлөмүн жасаган катышуучу (жыйынтыгын чыгаруу күнүнө карата КРУБнын курсу боюнча кайра эсептөө менен чет өлкө валюталарында операциялар үчүн) ошол байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде жогоруда аталган критерийлердин баары талапкерлерде дал келсе, бул байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп жыйынтык чыгаруу күнүнө карата Компаньон МТ балансында эң көп калдыкка ээ болгон адам эсептелет. Бул байгелүү орунга башка талапкерлер жеңүүчүлөрдү аныктоо критерийлерине ылайык төмөнкү рейтингде орундарды ээлейт.

**5.4. <u>2-Номинациянын ай сайын жеңүүчүлөрү:</u>**

5.4.1. 2-Номинацияда ай сайын **Компаньон МТге транзакциялардын эң көп саны** боюнча отчеттук ай ичинде 10 (он) жеңүүчү аныкталат (3.3-пунктту караңыз.) Мында жеңүүчүлөр транзакциялардын көлөмү жана Компаньон МТге ачылган продуктуларын болушу боюнча минималдуу критерийлерге жооп бериши керек.

5.4.2. Компаньон МТда продуктуларынын болушу боюнча минималдуу критерийлер:

- Акцияны өткөрүү мезгилинде же Акция башталганга чейин Компаньон МТда 200 сом жана андан ашык суммада ачылган Банктын депозиттик продуктуларынын биринин болушу.

5.4.3. Байге/акчалай сыйлыктын өлчөмү жана транзакциялардын көлөмү боюнча минималдуу критерийлер:

| **Орун** | **Байгенин суммасы,** сом | **Минималдуу критерийлер** (транзакциялар көлөмү, сом) |
|---|---|---|
| **1-орун** | **50 000** | 100 000 |
| **2-орун** | **45 000** | 95 000 |
| **3-орун** | **40 000** | 90 000 |
| **4-орун** | **35 000** | 85 000 |
| **5-орун** | **30 000** | 80 000 |
| **6-орун** | **25 000** | 75 000 |
| **7-орун** | **20 000** | 70 000 |
| **8-орун** | **15 000** | 65 000 |
| **9-орун** | **10 000** | 60 000 |
| **10-орун** | **5 000** | 55 000 |

*Жеңүүчүнүн орду катышуучулардын жалпы рейтингиндеги орунуна жана ТОП 10 жеңүүчү үчүн минималдуу критерийлердин аткарылышына ылайык аныкталат.*

5.4.4. Эгерде бир байгелүү орунга транзакциялардын саны бирдей болгон Акциянын бирден ашык катышуучусу талапкер болсо, анда Акциянын отчеттук мезгилинде Компаньон МТге сом эквивалентинде транзакциялардын максималдуу көлөмүн жасаган катышуучу (жыйынтыгын чыгаруу күнүнө карата КРУБнын курсу боюнча кайра эсептөө менен чет өлкө валюталарында операциялар үчүн) ошол байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде жогоруда аталган критерийлердин баары талапкерлерде дал келсе, бул байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп жыйынтык чыгаруу күнүнө карата Компаньон МТ балансында эң көп калдыкка ээ болгон катышуучу эсептелет. Бул байгелүү орунга башка талапкерлер жеңүүчүлөрдү аныктоо критерийлерине ылайык төмөнкү рейтингде орундарды ээлейт.

5.5. Бардык ай сайынкы жеңүүчүлөр жыйынтыктарды чыгаруу учурунда жана байгелерди – акчалай сертификаттарды тапшыруу аземинде Компаньон МТнын колдонуучулары болууга тийиш. Акчалай сыйлыкты чегерүү үчүн бардык жеңүүчүлөр Банктын

кеңселеринде толук идентификациялоодон өтүүгө тийиш. Байгени, акчалай сыйлыкты чегерүү жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи өткөрүлгөн күндөн тартып 5 иш күндүн ичинде жеңүүчүнүн Компаньон МТ номеринин балансына жүргүзүлөт.

## 6. АКЦИЯНЫН ФИНАЛДЫК ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ

6.1. Акцияны өткөрүүнүн бүткүл мезгилинде Банк 1-Номинацияда бир финалдык жеңүүчүнү 6.3 бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык жана 2-Номинацияда 6.4. бөлүмүндө көрсөтүлгөн шарттарга ылайык бир финалдык жеңүүчүнү сыйлайт.

6.2. Акциянын бир катышуучусу Акциянын финалдык жыйынтыгында эки номинацияда тең жеңүүчү боло албайт. Эгерде катышуучу эки номинацияда тең финалдык жыйынтыкта жеңишке талапкер болсо, ал бардык жеңүүчүлөрдүн жалпы көрсөткүчтөрүнүн пайыздык катышында андан кийинки талапкерден көбүрөөк утушка ээ болгон номинацияда жеңип чыгат. Банктын кызматкерлери жана аффилиацияланган, Банк менен байланышкан делген реестрде турган адамдар Акциянын финалдык жыйынтыгында утушка ээ боло албайт.

**6.3. <u>1-Номинациядагы финалдык жеңүүчү:</u>**

6.3.1. 1-Номинация боюнча финалдык жеңүүчү **Акциянын бүткүл мезгили ичинде Компаньон МТге тарткан колдонуучулардын эң көп саны боюнча аныкталат**. Мында жеңүүчү тартылган кардарлардын саны боюнча Акциянын финалдык жеңүүчүсүнүн минималдуу критерийлерине жооп бериши керек*.
*Тартылган кардарлардын саны боюнча минималдуу критерий – акциянын бүткүл мезгилинде тартылган 1 000 (бир миң) кардар.

**6.3.2. 1-Номинация боюнча Акциянын финалдык жеңүүчүсү 1 000 000 (бир миллион) сом өлчөмүндө акчалай сыйлык алат.**

6.3.3. Эгерде катышуучу Акциянын бүткүл мезгилинде колдонуучулардын эң көп санын тартса, бирок минималдуу критерийлерди аткарбаса (колдонуучулардын көрсөтүлгөн санынан аз тартса), ал жеңүүчү болуп эсептелбейт.

6.3.4. Эгерде 1-Номинациядагы Финалдык жеңүүчү орунга бирдей сандагы колдонуучуларды тартып келген Акциянын бирден ашык катышуучусу талапкер болсо, анда Акциянын отчеттук мезгилинде Компаньон МТге транзакциялардын максималдуу көлөмүн жасаган катышуучу жеңүүчү болуп саналат. Эгерде катышуучулардын транзакцияларынын көлөмү бирдей болсо, анда Акциянын отчеттук айында сом эквивалентинде транзакциялардын максималдуу көлөмүн жасаган катышуучу (жыйынтыгын чыгаруу күнүнө карата КРУБнын курсу боюнча кайра эсептөө менен чет өлкө валюталарында операциялар үчүн) ошол байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде жогоруда аталган критерийлердин баары талапкерлерде дал келсе, бул байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп жыйынтык чыгаруу күнүнө карата Компаньон МТ балансында эң көп калдыкка ээ болгон катышуучу эсептелет.

**6.4. <u>2-Номинациядагы финалдык жеңүүчү:</u>**

6.4.1. 2-Номинациядагы финалдык жеңүүчү **Акциянын бүткүл мезгили үчүн Компаньон МТда жасалган транзакциялардын эң көп саны боюнча** аныкталат (3.3-пунктту караңыз.). Мында жеңүүчү 2-Номинация боюнча Акциянын жеңүүчүсүнүн минималдуу критерийлерине жооп бериши керек.

**6.4.2. 2-Номинация боюнча акциянын финалдык жеңүүчүсү 1 000 000 (бир миллион) сом өлчөмүндө акчалай сыйлык алат.**

6.4.3. Минималдуу критерийлер:

- Акцияны өткөрүү мезгилинде же Акция башталганга чейин Компаньон МТда 5 000 сом жана андан ашык суммада ачылган Банктын депозиттик өнүмдөрүнүн биринин болушу.
- Акциянын бүткүл мезгилиндеги транзакциялардын жалпы суммасы – эң аз дегенде 300 000 (үч жүз миң) сом.

Эгерде колдонуучу Акциянын бүткүл мезгилинде эң көп транзакцияларды жүргүзүп, бирок минималдуу критерийлерге жооп бербесе, анда ал жеңүүчү деп эсептелбейт.

6.4.5. Эгерде 2-Номинациядагы Финалдык жеңүүчү транзакциялардын саны бирдей болгон Акциянын бирден ашык катышуучусу талапкер болсо, анда Акциянын отчеттук мезгилинде Компаньон МТге сом эквивалентинде транзакциялардын максималдуу көлөмүн жасаган катышуучу (жыйынтыгын чыгаруу күнүнө карата КРУБнын курсу боюнча кайра эсептөө менен чет өлкө валюталарында операциялар үчүн) ошол байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп эсептелет. Эгерде жогоруда аталган критерийлердин баары талапкерлерде дал келсе, бул байгелүү орунду ээлеген жеңүүчү болуп жыйынтык чыгаруу күнүнө карата Компаньон МТ балансында эң көп калдыкка ээ болгон катышуучу эсептелет.

6.5. Акциянын финалдык жеңүүчүлөр жыйынтыктарды чыгаруу учурунда жана байгени тапшыруу аземинде Компаньон МТнын колдонуучулары болууга, ошондой эле толук идентификациялоодон өтүүгө тийиш. Финалдык жеңүүчүлөргө Банк Компаньон Банкынын төлөм картасын ачат жана финалдык жеңүүчүлөрдүн акчалай байгелери сыйлык тапшыруу аземи болгон күндөн тартып 5 иш күндүн ичинде Компаньон банкынын төлөм картасына чегерилет.

## 7. МӨӨНӨТҮ

**7.1. Ай сайын жыйынтыктарынын мөөнөттөрү:**

- Акциянын ай сайынкы жыйынтыктарын чыгаруу – отчеттук айдан кийинки ар бир айдын 10уна чейин.
- Ай сайынкы жыйынтыктарды жарыялоо – Банктын расмий сайтында («Компаньон Банкы» ЖАК) www.kompanion.kg – отчеттук айдан кийинки ар бир айдын 15ине чейин.
- Жеңүүчүлөргө кабарлоо жана банктын кеңселеринде сыйлоо аземдерин өткөрүү – отчеттук айдан кийинки ар бир айдын 20сына чейин.
- Байгени/акчалай сыйлыкты чегерүү – жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи өткөрүлгөн күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде.
- Акциянын жеңүүчүсү менен байланышуу, ага билдирүү жөнөтүү мүмкүн болбогон учурда жана эгерде кардар Банкка Акциянын жыйынтыктары жарыяланган учурдан тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде кайрылбаса, катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат.

**7.2. Финалдык жыйынтыктар боюнча мөөнөттөр:**

- Акциянын финалдык жыйынтыктарын чыгаруу – Акциянын акыркы айынан кийинки айдын 15ине чейин.
- Банктын расмий сайтына финалдык жыйынтыктарды жарыялоо («Компаньон Банкы» ЖАК) www.kompanion.kg – отчеттук айдан кийинки айдын 20сына чейин.
- Жеңүүчүгө кабарлоо жана сыйлык тапшыруу аземин өткөрүү – Акция аяктагандан кийинки айдын аягына чейин.
- Байгени/акчалай сыйлыкты чегерүү – сыйлоо аземи өткөрүлгөн күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде.
- Акциянын жеңүүчүсү менен байланышуу, ага билдирүү жөнөтүү мүмкүн болбогон учурда жана эгерде кардар Банкка Акциянын жыйынтыктары жарыяланган учурдан

тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде кайрылбаса, катышуучу Акциянын жеңүүчүсүнүн тизмесинен чыгарылат.

## 8. АКЦИЯНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН КАБАРЛОО ТАРТИБИ

8.1. Банк ай сайын жана финалдык жеңүүчүлөргө Акциянын жыйынтыктары, сыйлоо аземинин датасы жана орду жөнүндө байланыш телефон номери/Компаньон МП боюнча маалымдайт.

8.2. Акциянын ай сайынкы жана финалдык жеңүүчүлөрүнүн тизмеси банктын расмий сайтында жарыяланат («Компаньон Банкы» ЖАК) www.kompanion.kg

8.3. Эгерде Акциянын жеңүүчүсү сыйлоо аземине катыша албаса, ал Акциянын жыйынтыктары жарыяланган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде ай сайын берилүүчү байгени чегерүү же финалдык байгени алуу үчүн банкка кайрыла алат.

8.4. Акциянын жеңүүчүсү менен байланышуу, ага билдирүү жөнөтүү мүмкүн болбогон учурда жана эгерде кардар банкка Акциянын жыйынтыктары жарыяланган күндөн тартып 30 (отуз) календардык күндүн ичинде кайрылбаса, катышуучу Акциянын жеңүүчүлөрүнүн тизмесинен чыгарылат.

## 9. ОТЧЕТТУУЛУК ЖАНА БАСЫЛМАЛАР

9.1. 1-Номинация боюнча Компаньон МТде төмөнкү отчеттуулук жеткиликтүү:

- Тартылган рефералдардын саны (МТ колдонуучулары, МТ жүктөп алгандар жана реферердин уникалдуу шилтемеси аркылуу идентификациялоодон өткөндөр)
- Чегерилген акчалай сыйлыктын өлчөмү

9.2. Эки номинация боюнча Акциянын ай сайынкы жана финалдык жеңүүчүлөрү банктын расмий сайтында жарыяланат www.kompanion.kg.

9.3. Акциянын шарттары, жыйынтыктары, кулактандыруулар, жарнамалык материалдар төмөнкү каналдар аркылуу жарыяланат:

- «Компаньон Банкы» ЖАКтын расмий интернет сайты www.kompanion.kg;
- Банктын социалдык тармактардагы расмий аккаунттары (Facebook, Instagram, TikTok);
- Маалыматтык-көңүл ачуучу интернет сайттары жана Уюштуруучунун өнөктөштөрүнүн сайттары жана алардын социалдык тармактардагы аккаунттары;
- Каалаган маалымат каражаттары.

9.4. Акцияга катышуу менен, катышуучу автоматтык түрдө Банкка анын аты-жөнүн, байгелүү ордун, байгесин билдирүүгө жана анын байгелерди тапшыруу аземинен түшкөн сүрөттөрүн басылмаларда колдонууга макулдугун берет.

9.5. Акция боюнча суроолор менен Кардарларды колдоо кызматынын 0312 33 88 00 номурларына кайрылсаңыздар болот, моб.Тел.88 00.

«Компаньон Банкы» ЖАК
Кыргыз Республикасы, 720044
Бишкек ш., Шота Руставели көч., 62
Тел.: +996 (312) 33 88 00

ЗАО «Банк Компаньон»
Кыргызская Республика, 720044
г. Бишкек, ул. Шота Руставели, 62
Тел.: +996 (312) 33 88 00

Kompanion Bank CJSC
62, Shota Rustaveli St., Bishkek
720044, Kyrgyz Republic
Tel.: +996 (312) 33 88 00